**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**алдындагы Дары каражаттары**
**жана медициналык буюмдар**
**департаментинин**
**директорунун орун басары**
**Кысанов Т.А.** ____________________
**«24» июнь 2024-ж.**

# ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

## КСИЛАТ
## (XYLAT)

**Соодадагы аталышы**
КСИЛАТ
(XYLAT)

**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Жок.

**Курамы**
1 мл эритменин курамында:
*таасир берүүчү заттар:* 50 мг ксилитол, 2,6 мг натрий ацетат тригидраты (натрий ацетатка эсептөө менен), 6 мг натрий хлориди, 0,1 мг кальций хлорид дигидраты (кальций хлоридге эсептөө менен), 0,3 мг калий хлориди, 0,1 мг магний хлорид гексагидраты (магний хлоридге эсептөө менен) бар;
*көмөкчү заттар:* концентрацияланган хлордуу суутек кислотасы, иньекция үчүн суу.

**Дарынын түрү**
Инфузия үчүн эритме.
*Негизги физикалык жана химиялык касиеттери:* иондук курамы: $Na^{+}$ – 134,4 ммоль/л, $K^{+}$ – 4 ммоль/л, $Ca^{++}$ – 0,9 ммоль/л, $Mg^{++}$ – 1,1 ммоль/л, $Cl^{-}$ – 110,6 ммоль/л, $CH_3COO^{-}$ – 31,7 ммоль/л. Энергетикалык баалуулугу 200 ккал/л. Теориялык осмолярдуулугу: 611 мОсмоль/л; pH 6,0–7,6.

**Сүрөттөмөсү**
Тунук, түссүз суюктук.

**Фармадарылык тобу**
Плазманы алмаштыруучу жана перфузиялык эритмелер. Кт/га куюу үчүн эритмелерге кошулмалар. Электролиттик эритмелер. Башка препараттар менен айкалыштагы электролиттер.
**АТХ коду** B05XA31.

**Фармакологиялык касиеттери**
*Фармакодинамикасы*
Препараттын негизги таасир берүүчү заттары ксилитол жана натрий ацетаты болуп саналат. Ксилитол – беш атомдуу спирт, ал кан тамырдын ичине куюда жалпы метаболизмге тез кошулат, 80% боордо сиңирилет жана гликоген түрүндө топтолот.
Байкаларлык антикетогендик таасир тийгизет, инсулинден көз карандысыз метаболизми менен энергия булагы болуп саналат.
Ксилитол – бул адамдардагы көмүр суу алмашуусунун табигый орто аралык продуктусу, ошондуктан анын уусу аз жана жакшы көтөрүмдүүлүккө ээ. Фруктозадан айырмаланып боордо нуклетоиддердин (аденозинтрифосфат, аденозиндифосфат, аденозинмонофосфат) төмөндөшүн пайда кылбайт, ошондой эле фруктоза-1,6-дифосфатаза ферментинин тартыштыгы бар бейтаптарга же фруктозаны көтөрө албаган бейтаптарга куюу үчүн коопсуз.
Натрий ацетаты жай таасир берүүчү шакардантуучу каражаттарга кирет. Ал забуферендик препараттын метаболизациясынын аркасында негиздин топтолушун пайда кылат жана ашыкча $H^+$ топтолушу жай жүргөн метаболикалык ацидоз түрлөрүндө дайындалат (мисалы, бөйрөк жана тартыш дем алуу эмес ацидоздо). Натрий ацетатын колдонууда, натрий гидрокарбонат эритмесинен айырмаланып, метаболикалык ацидозду түзөтүү жай жүрөт, ошондуктан pH кескин өйдө-төмөн болушун пайда кылбайт.
*Фармакокинетикасы*
Натрий ацетаты 1,5-2 сааттын ичинде натрий гидрокарбонаттын эквиваленттүү өлчөмүнө толук метаболизацияланат, баш мээнин клетка ичиндеги интерстициалдык шишигин жана тромбоциттердин жана эритроциттердин агрегациясынын жогорулашын пайда кылбайт. Ацетаттын метаболизминде кычкылтекти керектөө лактаттын метаболизмине караганда кыйла аз экени маанилүү факт, бул ар кандай оор шокту дарылоодо олуттуу мааниге ээ.
Өзүнүн курамы боюнча Ксилат көп компоненттүү полифункциялык гиперосмолярдуу эритмелер тобуна кирет жана антикетогендик, гемодинамикалык, дезинтоксикациялык, реологиялык, энергетикалык, шакардантуучу жана осмодиуретикалык таасир тийгизет.

**Көрсөтмөлөр**
Кант диабетинде жана глюкозаны утилдештирүүнүн башка бузулууларында, жаракат, операциялык, гемолитикалык жана күйүк шокторунда (кандын жана зааранын осмолярдуулугун эске алуу менен), операция алдындагы даярдоодо жана операциядан кийинки мезгилде, көп кан жоготууда, ошондой эле күйүк оорусунда, көпкө созулган ириң процесстеринде, ар кандай жугуштуу ооруларда жана өнөкөт уулуу гепатитте интоксикацияны азайтуу, микроциркуляцияны жакшыртуу үчүн, углеводдорго керектөөнү жарым-жартылай жабуу үчүн.

**Каршы көрсөтмөлөр**

Гиперосмолярдуу кома, анурия. Ксилатты суюктук куюу каршы көрсөтүлгөн учурларда куюуга болбойт (шишимиктер, мээге кан куюлуу, тромбоэмболия, жүрөк-кан тамыр декомпенсациясы, III деңгээлдеги артериялык гипертензия). Препаратты жалпы суусуздануу жана суу-электролиттик алмашуунун бузулууларында колдонуу сунушталбайт.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири жана өз ара таасирдин башка түрлөрү**

Препаратты фосфат жана карбонат камтыган эритмелер менен аралаштырууга болбойт. Ксилат башка препараттар үчүн эритме-алып жүрүүчү боло албайт. Препараттарды кошуу физикалык-химиялык өзгөрүүлөргө алып келиши мүмкүн.

**Колдонуунун өзгөчөлүктөрү**

Гемодинамикалык таасирге жетүү үчүн Ксилатты чоңдорго кан тамырдын ичине 40-60 тамчы/минута ылдамдыгы менен тамчылатып куюу керек.

Зарыл болгон учурда 30 тамчы/минута ылдамдыгы менен тамчылатып куюу аркылуу сынам жүргүзгөндөн кийин агызып киргизүүгө жол берилет. Алгач 15 тамчы киргизип, ал эми 3 минутадан кийин, реакция жок болгондо, препаратты агызып куюу керек.

Препараттын антикетогендик касиеттери ксилитолду утилдештирүү ылдамдыгына барабар киргизүү ылдамдыгында пайда болот.

Боор ооруларында препаратты боор функцияларынын көрсөткүчтөрүн көзөмөлдөө астында колдонуу керек. Өнөкөт бөйрөк алсыздыгына препаратты этияттык менен колдонуу керек; препаратты киргизүүдө бөйрөк функцияларын көзөмөлдөө керек.

Ксилат өт чыгаруучу касиеттерге ээ болгондуктан, аны өт-таш оорусунда дарыгердин кылдат көзөмөлү астында киргизүү керек.

Кант диабети менен ооругандарга Ксилат препаратын кандагы канттын курамын көзөмөлдөө астында жүргүзүү керек.

Препаратты жалпы суусуздануу жана суу-электролиттик алмашуунун бузулууларында колдонуу сунушталбайт.

*Кош бойлуулук же бала эмизген мезгилде колдонуу*

Ксилатты кош бойлуулук жана бала эмизген аялдарга колдонуу боюнча изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес.

*Авто унааны же башка механизмдерди башкаруудагы реакциянын ылдамдыгына таасир берүү жөндөмдүүлүгү*

Препаратты стационар шарттарында гана колдонуу керек.

**Колдонуу жолу жана дозалары**

Чоңдорго минутасына 50-70 тамчы ылдамдыгы менен, башкача айтканда 2,1-3 мл/кг/саат же 150-210 мл/саат ылдамдыгы менен кан тамырдын ичине тамчылатып куюлат.

Максималдуу доза: чоңдорго – суткасына 2100 мл же 1,5 г ксилитол/кг дене салмагы/сутка.

Инфузиянын максималдуу ылдамдыгы – 210 мл/саат (минутасына 70 тамчы) = 0,15 г ксилитол/кг дене салмагы/саат.

Өнөкөт жана уулуу гепатитте – чоңдорго 400 мл (5-6 мл\кг), тамчылатып (боордун функцияларынын көрсөткүчтөрүн көзөмөлдөө керек), суткасына бир жолу же эки жолу (суткалык доза 2 ирет куюуга бөлүнүшү мүмкүн).
Оорулууларды, анын ичинде кант диабети менен ооругандарды парентералдык азыктандыруу үчүн – чоңдорго 600-1000 мл (оорулуунун 1 кг дене салмагына карата 10-15 мл), суткасына бир жолу же эки жолу (суткалык доза 2 ирет куюуга бөлүнүшү мүмкүн).
Жаракат, күйүк, операциядан кийинки жана гемолитикалык шокто – чоңдорго 600-1000 мл (оорулуунун 1 кг дене салмагына карата 10-15 мл), суткасына бир жолу же эки жолу (суткалык доза 2 ирет куюуга бөлүнүшү мүмкүн).
Операция алдындагы мезгилде жана ар кандай хирургиялык кийлигишүүлөрдөн кийин - чоңдорго 400-600 мл (6-10 мл/кг), тамчылатып, суткасына бир жолу же эки жолу (суткалык доза 2 ирет куюуга бөлүнүшү мүмкүн), күн сайын 3-5 күн ичинде.
Көп кан жоготууда – чоңдорго 1000-1400 мл (20 мл/кг чейин). Бул учурда Ксилат дарысынын инфузиясы ооруканага чейинки этапта “Тез жардам” адистештирилген унаада өткөрүү керек.

*Балдар*
Балдарда колдонуу мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес.

**Ашыкча доза**
Препарат менен ашыкча дозалоодо көңүл айлануу, ичегинин көбүшү, диарея, ичтин оорушу, суу-электролит балансынын бузулушу байкалышы мүмкүн (гипертоникалык реакциялар түрүндө; бул учурда артериялык басымды көзөмөлдөө астында гипотензивдик каражаттарды куюу керек).

**Кыйыр реакциялар**
Аллергиялык реакциялар, анын ичинде исиркек, кычышуу, бөрү жатыш, сейрек – тахикардия, дене табынын жогорулашы, киргизүү ордунда перифериялык кан тамыр дүүлүгүүсү. Гипертоникалык реакция (бул учурда артериялык басымды көзөмөлдөө астында гипотензивдик каражаттарды куюу керек); көңүл айлануу, чыйрыгуу пайда болушу мүмкүн.
Электролиттердин алмашуусунун бузулушу, лактоацидоз, гипергидратация, шишимиктер, гипероксалурия, гиперурикемия, боор сынамдарынын өзгөрүүлөрү, ацидоз (анын ичинде сүт кычкыл ацидоз).

**Шектүү жагымсыз реакциялар жөнүндө маалымат**
Шектелген жагымсыз реакциялар тууралуу дары препаратынын «пайда-кооптуулук» балансына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү, дары каражатын каттоодон өткөндөн кийин кабарлоо маанилүү. Медицина кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Жагымсыз реакциялар жөнүндө улуттук маалымат системасы аркылуу ар кандай шектүү жагымсыз реакциялар жөнүндө билдирүүгө чакырылат:
Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти http://www.pharm.kg

Мындан сырткары маалыматты электрондук дарек аркылуу жөнөтүүгө болот asia.kppv@uf.ua же төмөнкү телефон аркылуу кайрылса болот: +996 550 740402.

**Жарактуулук мөөнөтү**
2 жыл.

**Сактоо шарттары**
25 ºС дан жогору эмес аба табында сактоо керек. Тоңдурууга болбойт.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Сыйышпастык**
Препаратты фосфат жана карбонат камтыган эритмелер менен аралаштырууга болбойт. Препараттарды кошуу физикалык-химиялык өзгөрүүлөргө алып келиши мүмкүн. Эгер мындай кошуу зарыл болсо, стерилдүүлүктү сактоо, кылдат аралаштыруу жана препараттын өз ара таасирлерин көзөмөлдөө керек.

**Таңгагы**
200 мл же 400 мл резина тыгындар менен жабылган жана алюминий-полимер капкактары менен кысылган айнек флакондордо.

**Берүү шарты**
Рецепт боюнча.

**Өндүрүүчү**
"Юрия-Фарм" ЖЧК.

**Өндүрүүчүнүн жайгашкан жери жана анын ишмердик жүргүзгөн жеринин дареги**
Украина, 18030, Черкассы обл., Черкассы ш., Кобзарь көч., 108.
Тел.: +38 (044) 281-01-01